«Бекитемин»

**К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин илимий иштер боюнча проректору, филология илимдеринин доктору, профессор Мурзахмедова Г.М.**

____________________

15-февраль, 2022-ж.

**Эргешова Кундуз Абдылаковнанын "Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курагына жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү» аттуу темадагы 13.00.01. – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарыхы боюнча педагогика илимдеринин окумуштуулук даражасын инзденип алуу үчүн жазган диссертациясына жетектөөчү мекеменин**

**ПИКИРИ**

**Диссертациялык иш** Ош мамлекеттик университетинин башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана психологиясы кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич** – педагогика илимдеринин доктору, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын профессору.

**I. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет жана салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курагына жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү тийиштүү педагогикалык теорияны байытууга салым кошот.

**II. Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Бүгүнкү күндө салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды тарбиялоонун, анын ичинде алардын курак



КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 59 «15» 02 2022 г.

Окуп. тааныш
проф. Дюшеева Н.К.

өзгөчөлүгүн эске алып таалим-тарбия берүүнүн табиятын, өзгөчөлүктөрүн, билим берүү тармактарында аларды колдонуунунун мындан ары уланышын изилдеп чыгуу педагогика илими үчүн өзгөчө актуалдуу болуп эсептелет. Анткени кыргыз элинде байыртадан үй-бүлө институту балдарды тарбиялоонун жана аларды социалдаштыруунун башкы фактору болгон, ал эми дал ошол үй-бүлөлүк тарбиялоодо негизги орун чоң ата-чоң эне, ата-эне, эже-сиңди, ага-ини байланыштары аркылуу да ишке ашырылган. Азыркы цивилизациялашкан коомдо болсо дал мына ошол тарыхый, традициялуу педагогикалык феномен артка сүрүлүп, «улууну кичүү укпай», «кичүүнү улуу укпай» калган кыргыз үй-бүлөлөрү менен кездешип жатабыз. Ушундай шартта билим берүү уюмдарынын жана үй-бүлөлүк тарбиянын мазмунун конструкциялоодо этнопедедагогикалык маданияттын табылгаларына кайрылуу учурдун талабы болуп эсептелет.

Кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына ылайык тарбиялоону изилдөөнүн этнопедагогикалык аспектиси жана ал көрүнүштү азыркы таалим-тарбия процессинде колдонуунун педагогикалык шарттары жана перспективалары дагы эле проблемалуу бойдон турат, себеби ааламдашуу шартында балдарды улуттук тарбиянын салттары менен тарбиялоонун зарылдыгы сезилип жатса да, бул процессти билим берүү тармактарында колдоонунун илимий-теориялык негиздеринин ар тараптуу иштелип чыкпагандыгы; кыргыз элинин көп кылымдык тарыхында балдарды курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоонун ар кандай жолдорун, ыкмаларын ата-энелердин колдонуусунун бай тажрыйбасы болсо да, азыркы ата-энелердин ал салттарды пайдалануу практикасынын пассивдүү болуп жатышы; кыргыз этнопедагогдору тарабынан салттуу тарбиянын ар кандай түрлөрү, формалары изилденгенине карабай, балдарды курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо проблемасынын диссертациялык багытта атайы изилдөөгө алынган эмес. Бул

изилдөө салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курагына жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрүндө болгон проблеманы ачыктоого арналган.

**III. Изилдөөнүн максаты:** салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоонун социалдык, маданий өбөлгөлөрүн, жолдорун, ыкмаларын, каражаттарын, методдорун жана алардын азыркы коомдук педагогикалык практикадагы ордун ачып көрсөтүү.

**IV. Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Изилдөөнүн түйүндүү категорияларына («Салттуу кыргыз үй-бүлөсү», «Балдардын курагына жараша тарбиялоо өзгөчөлүгү») терминологиялык анализ берүү, бул түшүнүктөрдүн мазмунун, функцияларын, алардын азыркы ааламдашуу доорундагы маанисин айкындоо. Бул милдетти кыргыз элинде балдарды үй-бүлөдө курак өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо маданияты эл турмушунун эң байыркы түшүнүктөрүнүн бири болуп, мындай тарбиялоодо анын объектиси болгон баланын куракка жараша физиологиялык, психологиялык, руханий, адептик жетилүүсүн, чөйрөгө адаптацияланышуусун эске алган жана алардын инсандык өз алдынчалыгын, анын ичинде эрктик сапаттарын калыптандыруу менен тыгыз байланышкан, бул педагогикалык маданият элдик тарбиянын эффективдүүлүгүн аныктоо аркылуу чемеленген.

2. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо проблемасын изилдөөнүн методологиялык негиздерин, илимий методдорун аныктоо, балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо маселесин тарыхый -этнопедагогикалык эволюциясын көрсөтүү. Кыргыздардын салтуу педагогикалык түшүнүгүндө үй-бүлөдө балдарды жаш өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо процесси тарыхтын ар кандай баскычтарында шартка жана социалдык чөйрөгө байланыштуу тынымсыз өзгөрүп, өнүгүп туруучу динамикалык кубулуш катары каралган. Балдарды үй-бүлөдө тарбиялоодо эң биринчи кезекте алардын жаш өзгөчөлүгү, инсан катары калыптануу процесси

эске алынган, ошон үчүн балдарды жана кыздарды курагына жараша ар кандайча атап, алардын ар бир курагына жараша педагогикалык мамиле кылууну элдик этикалык эреже-нормалар катары кабыл алган.

3. Элдик педагогикалык маданиятта балдарды үй-бүлөдө алардын курак өзгөчөлүгүнө ылайык тарбиялоонун факторлорун, принциптерин, каражаттарын, методдорун айкындоо. Бул милдет балдардын ар бир курактык баскычында кыргыз жеринин табияты, ата-эненин таасири, улуттук фольклор жана төкмөлүк, манасчылык өнөр, эмгек, элдик салттар жана жөрөлгөлөр, улуттук оюндар жана майрамдар, тойлор, дин, улуулардын насаттары, идеал болгон инсандар ж.б. факторлор чоң мааниге ээ болуп, алар баланын эмгекчил, мекенчил, адептүү, акыл-эстүү ж.б. оң сапаттарга ээ болуусуна стимул түзүп, жол көрсөтүп берген деген ой менен бекемделген.

4. Азыркы коомдук педагогикалык практикада салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо тажрыйбаларынын уламалуулугун аныктоо. Азыркы коомдук педагогикалык практикада салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо тажрыйбалары заманбап билим жана тажрыйбалар менен айкалышта колдонулуп келет, ошону менен бирдикте балдарды өнүктүрүү, тарбиялоо жана алардын натыйжаларын диагностикалоодо курак жаштык этномаданий идентүүлүктүн параметрлери эске алууну сунуштайт.

**V. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** «Салттуу кыргыз үй-бүлөсү», «Балдардын курагына жараша тарбиялоо өзгөчөлүгү» түшүнүктөрү салттык тарбиянын бир көрүнүшү катары илим айдыңынан ачылып көрсөтүлдү; элдик таалим-тарбиялык маданияттагы балдарды курак өзгөчөлүгүнө жараша үй-бүлөдө тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү, салттык факторлору, методдору, ыкмалары кыргыздын элдик педагогикасынын компоненти катары талдоого алынды; азыркы коомдук педагогикалык практикада салттуу кыргыз үй-

бүлөсүнүн балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо тажрыйбаларынын уламалуулугу айкындалды.

**VI. Изилдөөнүн практикалык мааниси** болсо биздин диссертацияда айтылган тыянактар, сунуштар кыргыз элдик педагогикасындагы үй-бүлөлүк тарбия салттарын окуп үйрөнүүдө, улуттук тарбиялык маданияттын традициялары аркылуу азыркы тарбия процессинин таасирдүүлүгүн жогорулатууда, жогорку жана орто окуу жайларындагы кыргыз этнопедагогикасы дисциплинасынын мазмунун толуктоодо, университеттердин жана мектептердин окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорун өркүндөтүүдө, жогорку окуу жайларында атайын курстарды жана семинарларды, ата-энелер менен тарбиялык иш-чараларды өтүүдө пайдаланылат.

**VII. Изденүүчүнү жеке салымы.** Тарыхый этнопедагогикалык изилдөөлөрдүн методологиясы жана методдордун негизинде салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын жаш өзгөчөлүгүн эске алып тарбиялоонун формалары, методдору, ыкмалары, каражаттарын таануунун фольклордук жана этнографиялык булактарын топтооо, иргөө, талдоо жана алардын негизинде илимий натыйжаларды, коргоого сунушталган жоболорду тариздөө диссертанттын жеке өзү тарабынан жүзөгө ашырылган.

**VIII. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышы:** Изилдөөнүн негизги жоболору КР Президентине караштуу ЖАК талап кылган жалпы 12 макалада чагылдырылган. Изилдөөнүн багыты боюнча эки макала Россиядан РИНЦ системасында чыгарылган, 10 макала жергиликтүү басылмалардан жарык көрдү.

**IX. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши:**

Авторефераттын мазмуну, түзүмү диссертациялык иштин мазмунуна, түзүмүнө туура келип, теманын актуалдуулугу, илимий жаңылыгынын

жыйынтыгы, практикалык баалуулугу жана жалпылоосу негизинен толук ачылган. Кыргыз элдик педагогикасындагы үй-бүлөлүк тарбия салттарын окуп үйрөнүүдө теориялык-практикалык багытта аныкталып, туура методологиялык негизде изилденип, мугалимдерге аларды колдонуунун ыкмалары жана жолдору диссертациялык эмгектин мазмунунда жана анын негизинде жазылган авторефератта бирдей тартипте ачылган жана диссертация менен автореферраттын логикалык байланышы сакталган.

**X. Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта байкалган айрым мүчүлүштөр:**

Диссертациялык эмгекте жетишилген жыйынтыктар жана сунуштар илимий жактан негизделип, практикалык колдонулушу чоң мааниге ээ болгону менен иште кетирилген айрым мүчүлүштүктөрдү да белгилйбиз:

1. Кыргыз салттуу үй-бөлөсүнүн негизги өзгөчөлүктөрү 1.1.-таблицада ачыкталган. Бирок, салттуу үй-бүлөдөгү мындай өзгөчөлүктөр азыркы заманбап үй-бүлөлөрдө, салттуулук сакталбаган үй-бүлөлөрдө толук көрүнбөйт, же тактакыр колдонулбайт деген тезис олдоксонураак болуп калгандай. Бир үй-бүлөдөн бөлүнүп чыккандар бири-бирине ар кандай иштерде (ашар, мал издөө, кол өнөрчүлүк, аш-той, сөөк чыгаруу ж.б.) сөзсүз жардам берерин кыргыз салттуу үй-бүлөсүндө азыркы күндө колдонуп жүрөт.

2. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курагына жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү боюнча материалдары азыркы классикалык илимий педагогика менен байыткан материалдар ачык көрсөтүлбөй калгандай пикир жаратат.

3. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды курак жашына ылайык тарбиялоо боюнча билим жана тажрыйбаларды педагогика курстарынын мазмунуна киргизип, ата-энелердин, мугалимдердин этнопедагогикалык

компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүдө колдонуу зарылдыгы кокреттүү ачыкталса мугалимдерге чоң жардам болмок.

**4.** Педагогикалык теория менен практикада салттуу кыргыз үй-бүлөсүнүн балдарды курак өзгөчөлүктөрүнө ылайык тарбиялоо боюнча типтүү кемчилик катары мектепте балдарды өнүктүрүү, тарбиялоо жана алардын натыйжаларын диагностикалоодо жаштык курак этномаданий иденттүүлүктүн параметрлери эксперимент аркылуу далилденсе иштин мааниси бир кыйла жогоруламак.

Аталган пикирлер каалоо мүнөзүндө болуп, диссертациянын жалпы сапатына, мазмунуна олуттуу таасирин тийгизе албайт.

**XI. Диссертациялык ишти жалпы баалоо.** Изденүүчү Эргешова Кундуз Абдылаковнанын “Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдардын курагына жараша тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү» деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иши К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин “Педагогика жана психология” кафедрасында талкууланып, жактырылды. Диссертациялык иш 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча коргоо үчүн КР ЖАКтын 10 п. талаптарына ылайык келет жана анын автору Эргешова Кундуз Абдылаковна педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Диссертациялык иш кафедранын окуутучу-профессорлорунун катышуусу менен талкууланды (Токтом №6, 10-февраль, 2022-ж.).

**Диссертацияны талкуулоого катышкандар:**

1. Мураталиева М.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, педагогика жана психология кафедрасынын башчысы; Добаев К.Д. – педагогика илимдеринин доктору, профессор; Чоров М.Ж. - педагогика илимдеринин доктору,

профессор; Асаналиев М.К. – педагогика илимдеринин доктору, профессор; Джумагулова Г.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент; Байсубанова А.К. – доценттин м.а.; Нурманбетова Г.К. – доценттин м.а.; Кошалиева С.Ш. – ага окутуучу; Сабырова Э.С. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент; Молдалиева С. – окутуучу; Нурланова – окутуучу; Карамурзина – окутуучу.

**К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Джумагулова Г.А.**

**Секретарь :** **Орозова А.М.**

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«____»______________20____ж.